


# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ САНАРИПТИК ЗОМБУЛУК

## СИСТЕМАЛЫК ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ЖЕТИШСИЗДИК ЖАНА РЕФОРМАНЫН БАГЫТТАРЫ

POLICY BRIEF
Изилдөөнүн жыйынтыктарынын кыскача баяны жана саясат үчүн сунуштар

Бишкек, 2026

***Дисклеймер:*** *Документ аналитикалык максатта даярдалган. Анда айтылган позициялар автордук топтун жыйынтыктарын чагылдырат жана мамлекеттик органдардын расмий позициясы болуп саналбайт. Маалыматтар 2025–2026-жылдары чогултулган.*

# КОНТЕКСТ ЖАНА КӨЙГӨЙДҮН АНЫКТАМАСЫ



**Ар бир**
5 студенттин 1и

**8,5%**
Жабырлануучулардын органдарга кайрылгандар

**65%**
Агрессор жоопкерчиликке тартылбаган

**42%**
Эч кимге айтпагандар

**98%**
КРда интернеттин жайылуу деңгээли (2026)



Өлкөнүн бардык аймактарынан
**1 070**
респондент

Санариптик зомбулук — маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу аркылуу психологиялык, репутациялык, социалдык же экономикалык зыян келтирген атайын жасалган аракеттер — Кыргыз Республикасында сейрек кездешкен көрүнүш эмес, туруктуу социалдык практика болуп калды. Өлкөнүн бардык аймактарынан 1 070 жогорку окуу жайдын студенттеринин арасында жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоого ылайык, ар бир бешинчи респондент санариптик зомбулуктун жок дегенде бир түрүнө туш болгон. Ошол эле учурда Кыргызстанда интернеттин жайылуу деңгээли 98%га жеткен, бирок улуттук мыйзамдарда бүгүнкү күнгө чейин санариптик зомбулук өз алдынча укуктук категория катары аныкталган эмес.

Бул бир мыйзамдагы боштук эмес, төрт өз ара байланышкан деңгээлде көрүнгөн системалык институционалдык жетишсиздик: нормативдик, институционалдык, укук колдонуу, социалдык деңгээлдер. Бул деңгээлдердин ар бири кийинкисин күчөтүп жана алар чогуу обочолонгон кийлигишүүлөргө туруктуу болгон өзүн-өзү өндүргөн системаны түзөт: иштер жыйынтыкка аз жеткен сайын, жабырлануучулардын коргонуу механизмдерине ишеними төмөндөйт; ишеним азайган сайын, жабырлануучулар көбүнчө унчукпай калууну тандашат; унчукпоо көбөйгөн сайын, коомдук жана саясий суроо-талап алсырайт; ал эми бул учурдагы статус-квонун сакталышын бекемдейт. Ошондуктан төрт деңгээлдин биринде гана жүргүзүлгөн чара бул системаны буза албайт — ал башка үч деңгээлдеги жетишсиздиктер менен компенсацияланып калат.

Бул документ комплекстүү изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпылайт. Изилдөө төмөнкүлөрдү камтыйт: 1 070 студенттин сурамжылоосу, ИИМдин практикасындагы документтештирилген учурларды талдоо, укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана адвокаттар менен маектер, ошондой эле Молдова, Канада, Бразилия, Казакстан жана Европа адам укуктары боюнча сотунун практикаларынын салыштырма талдоосу. Документ Кыргыз Республикасынын донорлоруна, бейөкмөт уюмдарына жана мамлекеттик органдарына багытталган жана реформанын артыкчылыктуу багыттарын сунуштайт.

# СИСТЕМАЛЫК ЖЕТИШСИЗДИКТИН ТӨРТ ДЕҢГЭЭЛИ

## Нормативдик деңгээл

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы бир дагы нормативдик-укуктук актысында «санариптик зомбулук» өз алдынча укуктук категория катары аныкталган эмес. Кибербуллинг, доксинг, киберсталкинг, сексуалдаштырылган дипфейктер жана сексторшн сыяктуу аракеттер Кылмыш-жаза кодекси жана Укук бузуулар жөнүндө кодексинин окшош курамдары аркылуу квалификацияланат — ар бир учурда ар башкача, конкреттүү укук колдонуу органынын ыкмасына жараша. 2025-жылы кабыл алынган Санариптик кодекс биринчи жолу дипфейктин аныктамасын жана жасалма интеллектти колдонуу тууралуу маалыматты ачыктоо милдетин киргизди. Бирок ал агрессордун жүрүм-турумун эмес, санариптик чөйрөнүн архитектурасын жөнгө салат: сексуалдаштырылган дипфейктер үчүн жоопкерчилик курамын түзбөйт; зыяндуу контентти шашылыш өчүрүү процедураларын карабайт.

## Институционалдык деңгээл

Санариптик зомбулук тармагындагы ыйгарым укуктар беш мамлекеттик орган арасында бөлүштүрүлгөн: Ички иштер министрлиги (ИИМ), Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, Билим берүү министрлиги, Акыйкатчы институту (Омбудсмен). Бул органдардын бирөө да бул чөйрөдө комплекстүү мандатка ээ эмес: ИИМ арыздарды кабыл алып, коркутуу жана шантажды иликтейт, бирок санариптик криминалистика боюнча адистер жетишсиз; жеке маалыматтар боюнча агенттик маалыматтарды иштетүүнү көзөмөлдөйт, бирок доксинг жана куугунтуктоо сыяктуу зомбулук формаларын камтыбайт; билим берүү министрлиги негизинен мектеп чөйрөсүндөгү кибербуллингдин алдын алуусу менен чектелет. Жабырлануучу эң алсыз абалында кайсы органга кайрылуу керек экенин өзү аныктоого мажбур. Иш жүзүндө бейөкмөт уюмдар жана Акыйкатчы институту бул координациялык боштукту толтуруп, учурларды документтештирип, жабырлануучуларды багыттап жатышат. Бирок бул — чечим эмес, системалык жетишсиздиктин белгиси.

> *Кардар кибербуллинг менен келгенде — биз аны кайда жиберүүнү билбейбиз. ИИМге: курамы жок. Маалымат агенттигине: бул биздин маселе эмес.*
>
> **— адвокат, Бишкек ш., апрель 2026-жыл**

## Укук колдонуу деңгээли

ИИМдин аймактык бөлүмдөрүнүн практикасындагы беш документтештирилген учурдун талдоосу төмөнкүлөрдү көрсөтөт: иштин жыйынтыгы келтирилген зыяндын ордугуна эмес, процессуалдык шарттардын кокустук айкалышына жараша аныкталат. Алардын ичинде: эки иш токтотулган; ир иш укук бузуучунун ким экенин аныктоо мүмкүн болбогондуктан токтотулган; бир иш протокол түзүү менен аяктаган; бир иш сотко өткөрүлгөн. Бул беш учур статистикалык база эмес, сапаттык иллюстрация болуп саналат. Ал эми сандык көрсөткүчтөр (8,5% кайрылуу, 42% унчукпоо, 65% жоопкерчиликсиздик) өзүнчө булактан — 1 070 студенттин сурамжылоосунан алынган жана бул кейстерден чыгарылган эмес. Практикада санариптик далилдерди бекитүүнүн жалгыз жеткиликтүү жолу — скриншотту нотариалдык күбөлөндүрүү бойдон калууда. Ошол эле учурда эл аралык ISO/IEC 27037 стандарты төмөнкүлөрдү талап кылат: хеш-маанилерди текшерүү, метадайындарды талдоо, сактоо чынжырын амсыз кылуу. Трансчек платформалар — Telegram, TikTok, Meta — иш жүзүндө Кыргызстандын укук коргоо органдарынын сурамдарына жооп бербейт. Бул платформалар менен өз ара аракеттенүүнүн жетишсиздигин далилдөө процессиндеги негизги тоскоолдуктардын бирине айлантат.

> *Бизде санариптик криминалистика боюнча адистер жок. Нотариалдык скриншот — биз сунуштай алган жалгыз нерсе. Ал эми агрессор ал убакытка чейин контентти өчүрүп коёт*
>
> **РОВД кызматкери, апрель 2026-жыл**

> *Менде далилдер жок болчу — ошондуктан эч нерсе кыла алган жокмун*
>
> **— 17 жаштагы кыз, Ош шаары**

## Социалдык деңгээл

Жабырлануучулардын болгону 8,5% гана мамлекеттик органдарга кайрылган, ал эми 42% болгон окуя тууралуу эч кимге айткан эмес. Документтештирилген учурлардын 65%ында агрессор эч кандай жоопкерчиликке тартылган эмес. Бул көрсөткүчтөр жабырлануучулардын пассивдүүлүгүн эмес, коргоо системасынын натыйжасыздыгына болгон рационалдуу жоопту чагылдырат.

| *Мен терс кесепеттерден же коомчулукка ачык болуп кетүүдөн корктум*<br>**— 19 жаштагы аял, Жалал-Абад облусу** | *Эгерде шантаж болбосо, милицияга кайрылуунун мааниси жок*<br>**16 жаштагы өспүрүм, Бишкек шаары** |
|---|---|

# ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Санариптик зомбулуктун эң жогорку деңгээли Баткен облусунда (41%) жана Ош шаарында (35%) катталган. Эң төмөн көрсөткүч Нарын облусунда (8,2%). Бишкек шаарында жабырлануучулардын абсолюттук саны эң жогору (51 адам) болгонуна карабастан, алардын ичинен бир гана респондент мамлекеттик органдарга кайрылган. Бул факт борбордогу институттарга географиялык жакындык аларга болгон ишенимдин жетишсиздигин толуктай албастыгын көрсөтөт.

| Көрсөткүч | Маани | Булак |
|---|---|---|
| Санариптик зомбулукка туш болгондор | **Ар бир 5 студенттин 1и** | **Сурамжылоо, n=1 070** |
| Мамлекеттик органдарга кайрылгандар | **Жабырлануучулардын 8,5%** | **Сурамжылоо, n=190** |
| Агрессор жоопкерчиликке тартылбаган учурлар | **65%** | **Сурамжылоо, n=190** |
| Эч кимге айтпагандар | **42%** | **Сурамжылоо, n=190** |
| Стресс, тынчсыздануу же депрессия | **Жабырлануучулардын 40%** | **Сурамжылоо, n=190** |
| КРда интернеттин жайылуу деңгээли (2026) | **98%** | **24.kg, 2026** |

Гендердик талдоо зомбулуктун мүнөзүндө олуттуу айырмачылыктар бар экенин көрсөттү. Эркектер көбүнчө буллингге жана доксингге туш болушкан, ал эми аялдар — онлайн-куугунтукка жана онлайн-груминге. Документтештирилген дипфейк түзүү учурларынын ондон тогузу аялдарга тиешелүү болгон, бул системалуу кубулушту көрсөтөт: санариптик зомбулуктун сексуалдаштырылган формалары кокустук эмес, гендердик контролдун куралы болуп саналат. Социалдык тармактар — Instagram, TikTok и Telegram — бардык топтор үчүн санариптик зомбулуктун негизги чөйрөсү бойдон калууда. Telegram аялдардын тажрыйбасында өзгөчө орунду ээлейт, анткени ал окуу байланышында кеңири колдонулат. Натыйжада платформадан чыгуу иш жүзүндө билим алууга жеткиликтүүлүктү жоготуу менен барабар.

Бишкек шаарындагы (2025-жыл) бир иш мүнөздүү мисал болуп саналат: дипфейк-контентти жарыялоо коркунучу боюнча иш токтотулган, анткени мындай аракет үчүн мыйзамда атайын курам каралган эмес — синтетикалык материалды жайылтуу коркунучу өз алдынча жазаланчу укук бузуу болуп эсептелбейт. Кошумча тоскоолдук катары модерациядагы тилдик ажырым калууда: ири платформалардын алгоритмдери кыргыз тилиндеги жек көрүү сөздөрүн тааный албайт, натыйжада зыяндуу контенттин бир бөлүгү көзөмөлсүз калат.

Санариптик зомбулук өлчөнүүчү психологиялык зыян келтирет: жабырлануучулардын 40% стресс, тынчсыздануу же депрессияны башынан өткөргөн; 10,5% уйку бузулууларын белгилешкен. Гендердик айырмачылыктар жүрүм-турум реакцияларында да байкалат: аялдар статистикалык жактан көбүрөөк аккаунттарын жаап, коомдук санариптик мейкиндиктен чыгып кетишет (20,77%); эркектер, тескерисинче, көбүнчө онлайн-активдүүлүгүн жогорулатышат. Бул санариптик зомбулук аялдардын коомдук санариптик жашоого катышуусун пропорционалдуу эмес түрдө чектерин көрсөтөт. Башкача айтканда, ал сөз эркиндигин ишке ашырууга тоскоолдук кылган механизм катары иштейт.

> *Мени өзүм күнөөлүү деп айыпташты*
>
> **— 17 жаштагы кыз, Жалал-Абад облусу**

# МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР ТЕРЕЗЕСИ: ЭМНЕ ҮЧҮН ДАЛ АЗЫР

2025–2026-жылдар аралыгы реформаларды жүргүзүү үчүн сейрек кездешүүчү шарттарды түзүүдө. Ар бир фактор өз алдынча жетиштүү болбосо да, алардын жыйындысы туруктуу боло бербеген мүмкүнчүлүк терезесин түзөт: технологиялык реалдуулук — биринчи кезекте генеративдик жасалма интеллекттин өнүгүшү — ар кандай мыйзам чыгаруу процессине караганда тез өзгөрүүдө.

| Фактор | Реформа үчүн мааниси |
|---|---|
| КРнын Санариптик кодекси (2025) | Дипфейктин биринчи жолу аныкталышы, санариптик иденттүүлүккө болгон укук. Технологиялык фундаментти түзөт, бирок агрессордун жүрүм-турумун жөнгө салбайт. |
| Санариптик далилдер жөнүндө мыйзам долбоору (Юстиция министрлиги) | 2026-жылы тез арада кабыл алынган шартта далилдер жаатындагы боштукту жоёт. |
| 114 ыкчам номери (Юстиция министрлиги) | Түнү-күнү иштейт, бирок жабырлануучулардын болгону 8,5% гана кандайдыр бир канал аркылуу жардам сурап кайрылган — маалыматтык кампания аркылуу камтууну дароо кеңейтүүгө болот. |
| Казакстан жана Молдованын прецеденттери (2025) | Кибербуллинг боюнча биринчи соттук чечимдер норма кабыл алынгандан сегиз ай өткөндөн кийин пайда болгон — КР үчүн адаптациялоого даяр модель. |
| АУЕС, Volodina v. Russia (2021) | Санариптик зомбулук боюнча мамлекеттин позитивдүү милдеттенмелерин Европанын бардык укуктук системалары үчүн милдеттүү укуктук стандарт катары бекитет. |

# СУНУШТАР

Системалык жетишсиздиктин төрт деңгээлин талдоо көйгөйдү бир гана укуктук норманы кабыл алуу менен чечүү мүмкүн эместигин көрсөттү. Төмөндө убакыттык ченемдер жана жоопту органдар боюнча түзүмдөштүрүлгөн артыкчылыктуу аракеттердин матрицасы берилет.

| Убакыт | Артыкчылыктуу аракеттер | Жооптуу органдар |
|---|---|---|
| 0–12 ай. | — «Санариптик зомбулук» түшүнүгүнүн мыйзамдык аныктамасын жана атайын курамдарды: киберсталкинг, доксинг, сексуалдаштырылган дипфейктер, секторшн киргизүү. | Жогорку Кеңеш<br>Юстиция министрлиги |

| Горизонт | Приоритетные действия | Ответственные |
|---|---|---|
| 0–12 ай. | — Санариптик далилдер жөнүндө мыйзамды кабыл алууну тездетүү; ISO/IEC 27037 стандарттарына ылайык протоколдорду киргизүү.<br>— Так мандаты жана коомдук отчеттуулугу бар ведомстволор аралык жумушчу топ түзүү.<br>— 114 жана 5200 ыкчам номерлер тууралуу маалыматтык кампания өткөрүү | Министрлер Кабинети<br><br>БӨУ,<br><br>Акыйкатчы институту |
| 1–3 жыл | — Аймактарда IT-лабораторияларды түзүү; тергөөчүлөр, прокурорлор жана судьялар үчүн милдеттүү даярдоо программаларын киргизүү.<br>— Трансчек аралык платформалар менен өз ара аракеттенүүнүн укуктук механизмдерин иштеп чыгуу; кыргыз тилиндеги модерацияны локалдаштыруу.<br>— Санариптик коопсуздукту окуу программаларына киргизүү; коргоо ордерлерин санариптик чөйрөгө ылайыкташтыруу. | ИИМ<br><br>Соттук-эксперттик кызмат<br><br>Билим берүү министрлиги |
| 3+ жыл | — Жеке адамдын санариптик коопсуздугу боюнча туруктуу координациялык кеңеш түзүү.<br>— Санариптик зомбулукту жынысы, аймагы жана түрү боюнча бөлүштүрүлгөн маалыматтар менен улуттук мониторинг системасын түзүү.<br>— Жеке адамдын санариптик коопсуздугу боюнча улуттук стратегияны кабыл алуу. | Министрлер Кабинети<br><br>Улуттук статистика комитети<br><br>Президенттин Администрациясы |

# СУНУШТАРДЫН ДАРЕКТЕРИ

Сунушталган чараларды ишке ашыруу мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигинин, ошондой эле жарандык коомдун жана эл аралык өнөктөштөрдүн биргелешкен катышуусун талап кылат. Төмөнкү таблица ар бир дарек ээси үчүн биринчи кезектеги кадамдарды аныктайт.

| Дарек ээси | Биринчи кезектеги кадамдар |
|---|---|
| Жогорку Кеңеш / Юстиция министрлиги | Санариптик зомбулуктун атайын курамдары боюнча мыйзам долбоорун киргизүү; санариптик далилдер жөнүндө мыйзамды кабыл алууну тездетүү. |
| ИИМ / УКМК | Санариптик далилдер менен иштөө боюнча ведомстволук стандарт иштеп чыгуу; аймактарда IT-лабораторияларды түзүү. |

| Дарек ээси | Биринчи кезектеги кадамдар |
|---|---|
| Министрлер Кабинети | Ведомстволор аралык жумушчу топ түзүү; 2027-жылдагы бюджеттик циклде каржылоону караштыруу |
| Акыйкатчы институту / БӨУ | Жабырлануучуларга алгачкы консультациялык жардам көрсөтүүнү күчөтүү; укук колдонуу практикасына мониторинг жүргүзүү. |
| Билим берүү министрлиги / университеттер | Санариптик коопсуздукту окуу пландарына киргизүү; юридикалык жогорку окуу жайлардын билим берүү стандарттарын жаңылоо. |
| Донорлор жана эл аралык өнөктөштөр | IT-лабораторияларды жана адистерди даярдоону каржылоо; маалыматтык кампанияларды жана улуттук мониторинг системасын колдоо. |

# КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасындагы санариптик зомбулук — бул бир гана укуктук норманын жетишсиздиги эмес, бири-бирин күчөтүп турган системалык көйгөй: алсыз укуктук база институционалдык чачырандылыкты күчөтөт, ал өз кезегинде укук колдонуудагы алдын ала божомолдоого мүмкүн болбогон жагдайларды жаратат, ал эми бул жабырлануучулардын унчукпай калуусуна алып келет.

Бул системаны бир гана чара менен бузуу мүмкүн эмес: төрт деңгээлдин бирөө гана өзгөрүүсүз калса, калган үчөө дефицитти кайра жарата берет.

Биринчи кезектеги үч аракет — санариптик зомбулуктун мыйзамдык аныктамасын киргизүү, ведомстволор аралык координацияны түзүү жана санариптик далилдер менен иштөө стандарттарын кабыл алуу — кийинки бардык реформалар натыйжалуу болушу үчүн зарыл болгон минималдуу пакетти түзөт.

Аракетсиздик учурдагы абалды жөн гана сактап калбайт — ал аны кайра өндүрөт жана ар бир бешинчи студентти дагы бир жыл бою коргоосуз калтырат.